| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**№11/ 1 ТОКТОМ**

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Сары-Колот айынынын башкы плананын бекитип берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Сары-Колот айынынын башкы пландын өзгөртүлгөн нускамасын бекитип берүү боюнча айыл аймагынын айылдык кеңештин депутаттарынын кезектеги сессиясында карап чыгып жана талкууга алып, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Сары-Колот айылындагы шифр №31/08 сандуу башкы пландын өзгөртүлгөн нускамасын бекитүүгө макулдук берилсин.

2. Тийешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси З.Реджаповко милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Эшиевке жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин жер жана агрардык жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОТУЗ-АДЫР**

---

**№ 11/2 ТОКТОМ**

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин муниципалдык менчикке өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 04-ноябрындагы №665 токтомунун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин муниципалдык менчикке өткөрүүгө макулдук берилсин.

2. Жаңы Кызыл-Суу айылындагы №316 контурундагы 0,50га жер аянтын мал чарбачылык кылууга макулдук берилсин.

3. Отуз-Адыр айыл аймагындагы Кызыл-Абад айылынын Ак-Жар участкасындагы мамлекеттик менчиктеги 0,86га жер аянтын Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикке өткөрүүгө макулдук берилсин.

4. Отуз-Адыр айыл аймагынын Фархад айылындагы №1232 контурундагы 1,12га жер аянтын муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.

5. Отуз-Адыр айыл аймагынын Кызыл-Абад айылындагы №236 контурундагы 0,30га жер аянтын муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.

6. Курбан-Кара айылынын №1138а контурундагы Башкы пландын ичиндеги 0,02га магазиндин орду болгон жер тилкеси муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.

6. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Эшиевке жүктөлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин жер жана агрардык жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**№ 11/3 ТОКТОМ**

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин мамлекеттик менчикке өткөрүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №597 токтомунун, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34- беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айылындагы 0,30га сугат жер аянтын өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которуу максатында мамлекеттик менчикке алууга макулдук берилсин.
2. Ынтымак айылындагы №933 контурундагы жалпы аянты 0,36га анын ичинен суралган 0,05га өнөр жайынын,транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.
3. Отуз-Адыр айыл аймагына караштуу Кызыл-Абад айылындагы №53 контурундагы 2,76га жайыт жер аянтын мал чарба куруу максатында мамлекеттик менчикке алууга макулдук берилсин.
4. Отуз-Адыр айыл аймагына караштуу Кызыл-Абад айылындагы №71 контурундагы 0,40га жер аянтын мал чарбачылык кылуу максатында мамлекеттик менчикке алууга макулдук берилсин
5. Курбан-Кара-айылындагы №65 контурундагы 1,49 га жер аянтын мамлекеттик менчикке алууга жана жайыт категория багытынан өндүрүштүк ишкана куруу максатында өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берилсин.

6. Курбан-Кара айылында жайгашкан №1153 контурундагы 0,15га жер аянтын мамлекеттик менчикке алууга жана жайыт категория багытынан өндүрүштүк ишкана куруу максатында өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берилсин

7. Курбан-Кара айылында жайгашкан №1153 контурундагы 0,65 га жер аянтын айыл чарба багытынан өздөштүрүүгө макулдук берилсин.

8. Сары-Колот айылынын №981 контурундагы 0,60га жер аянтын бала бакча куруу, мамлекеттик менчикке алууга жана айыл чарба категория багытынан социалдык, калктуу конуш категория багытына которууга (трансформациялоо) макулдук берилсин.

9. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Эшиевке жүктөлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин жер жана агрардык жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

---

# № 11/4 ТОКТОМ

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айылдык кеңешинин (жетинчи чакырылыштын) 2023-жылдын 04-апрелиндеги кезектеги I сессиясынын №6 токтомуна жана 2023-жылдын 26-сентябрындагы кезектеги V сессиясынын №7 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 04-ноябрындагы №665 токтомунун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айылдык кеңешинин (жетинчи чакырылыштын) 2023-жылдын 04-апрелиндеги кезектеги 1 сессиясынын №6 токтому жана 2023-жылдын 26-сентябрындагы кезектеги V сессиясынын №7 токтому төмөндөгүдөй бириктирилип жазылсын.

а) Кара-Дөбө айылындагы №837-839 контурларындагы жалпы аянты 5,60га болгон жайыт жер аянтынын 5,0га жайыт, №898 контурундагы 6,12га жайыт;

б) Кызыл-Абад айылындагы №209 контурундагы 3,0га жайыт , №254 контурундагы жалпы аянты 8,51га болгон жайыт жер аянтынын ичинен 6,68га жайыт, №204 контурундагы жалпы аянты 3,2га болгон жер аянтынын ичинен 2,65га жайыт, №127 контурундагы 2,45га жайыт, №205 контурундагы 1,79га жайыт;

в) Чоок калктуу конушундагы №145 контурундагы 9,0га жайыт, №182 контурундагы жалпы аянты 11,05га жайыт жер аянтынын ичинен 5,0га жайыт;

г) Беше-Кепе калктуу конушундагы №397 контурундагы 2,70га жайыт;

Жалпы 44,39га

2. Отуз-Адыр айыл аймагындагы турак жай курууга муктаж болгон айыл тургундарына турак-жай куруу үчүн айыл аймагына караштуу Кызыл-Абад айылында жайгашкан кайрак айдоо жана кайрак айдоо жерлеринин ичинде жайгашкан жайыт жерлер

а) №11-26,05га кайрак айдоонун ичинен 24,71га

№148-25,35га кайрак айдоо

№107-0,20га жайыт

№108-0,43га жайыт

№146-0,20га жайыт

№150-1,53га жайыт

№149-0,40га жайыт

б) №144-3,88га кайрак айдоо жер аянты көп кабаттуу үй куруу үчүн

Жалпы 56,71га кайрак айдоо жана жайыт жер

Отуз-Адыр айыл аймагына караштуу мамлекеттик менчиктеги АЧМФнын 53,94га кайрак айдоо жана 47,15га жайыт жалпы 101,09га аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына жеке турак үйлөрдү куруу үчүн которууга макулдук берилсин.

3. Жерлерди бир категориядан экинчи категорияга которуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш берүү жагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнөн жана Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн. (Э.Эшиев)

5. Токтомдук аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-СУУ РАЙОНУ**<br>**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**ОТУЗ-АДЫР** |

# № 11/5 ТОКТОМ

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча муниципалдык ишкананын 2026-2030-жылдарга орто мөөнөттүү планын бекитүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча муниципалдык ишкананын 2026-2030-жылдарга орто мөөнөттүү планын айыл аймагынын айылдык кеңештин депутаттары карап чыгып жана талкуууга алып, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагындагы жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча муниципалдык ишкананын 2026-2030-жылдарга орто мөөнөттүү планын бекитүүгө макулдук берилсин.

2.Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ч.Эшиевке жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссияна тапшырылсын.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОТУЗ-АДЫР**

---

# № 11/6 ТОКТОМ

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын Тынчтык айылынын аталышын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын административдик -аймактык түзүлүшү жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамдарынын, Отуз-Адыр айыл аймагынын Фархад, Тынчтык айылдарынын айыл башчысы А.Акимовдун 03.12.2025-жылдагы билдирүүсүнүн негизинде Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүндө Тынчтык айылынын аталышы экөө болуп калгандыгына байланыштуу бир айылдын аталышы жоюлуп, айылдагы калк арасында болуп өткөн жыйындын №1 протоколуна ылайык, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши карап чыгып жана талкууга алып токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Тынчтык (мурдагы Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн курамындагы) айылынын аталышы - Акыйкат айылы деп өзгөртүүгө макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ч.Эшиевке жүктөлсүн.

3. Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин укук, коомдук тартип, мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

**№11/7 ТОКТОМ**

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айылдык кеңешинин кезексиз XXIV сессиясынын №1 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айылдык аймагынын Кызыл-Абад айылынын Живпром участкасындагы №221контурундагы 4,21га таштуу жайыт жерди жана №222 контурундагы 1,30га курулуштун орду жайгашкан жерди калктуу конуштун жерлери категориясына которуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 04-ноябрындагы №665 токтомунун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Кызыл-Абад айылынын Живпром участкасындагы №221 контурунда жайгашкан 4,21га жайыт (таштуу жайыт) жана №222 контурунда жайгашкан 1,30га курулуштун орду болгон жалпы аянты 5,51га жер аянтын көп кабаттуу үй куруу үчүн калктуу конуштун жерлери категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 04-ноябрындагы №665 токтомунун негизинде жалпысы болуп 5,51га жер аянтын көп кабаттуу үй куруу үчүн калктуу конуштун жерлери категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча тийиштүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн

4.Токтомдук аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
| --- | --- | --- |

**№ 11/8 ТОКТОМ**

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн имаратына кышкы сезонго карата от жагуучу штатын алуу жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөт башчысынын кышкы сезонго карата айыл өкмөтүнүн имаратына от жагуучу алуу жөнүндө арызын карап, талкуугa алып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенеши токтом кылат:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн имаратына кышкы сезонго карата от жагуучу штатын алууга макулдук берилсин.

2. Акча каражатын болуп берүү жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Г.Атамбиевага милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн. (А.Аматов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОТУЗ-АДЫР**

# № 11/9 ТОКТОМ

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

## Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Сары-Колот айылына Беккари чуңкуру үчүн жер аянтын ажыратып берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык, Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн карап жана талкууга алып Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Сары-Колот айылындагы түндүк-чыгыш тарабында жайгашкан №1194 контурундагы 3,0га жакынкы жайыт жер аянтынан Беккари чуңкуру үчүн 0,01га жер аянтын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Акча каражатын бөлүп берүү жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси Г.Атамбиевага милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн. (А.Аматов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-СУУ РАЙОНУ**<br>**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**ОТУЗ-АДЫР** |

**№ 11/10 ТОКТОМ**

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айылынын  тургуну Исмаилова Жумагүл Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу наамын ыйгаруу жөнүндө**

Отуз-Адыр айылынын тургуну Исмаилова Жумагүл көп жыл мугалимдик кесипти аркалап келди. Айыл аймагынын билим берүү тармагына жана адабий чыгармачыл жаатына кошкон салымын эске алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын  II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Исмаилова Жумагүл “Отуз-Адыр айыл аймагынын ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

2. Исмаилова Жумагүл “Отуз-Адыр айыл аймагынын ардактуу атуулу” күбөлүгү берилсин..

3. Тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук жана администативдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.(А.Беделов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР** |

**№ 11/11 ТОКТОМ**

05.12.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын Курбан-Кара айылындагы аталышы жок көчөгө татыктуу инсандын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Кыргызстандагы географиялык аталыштар жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесине жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Курбан-Кара айылындагы аталышы жок көчөгө Мойдинов Кучкар ысымы ыйгарылсын.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн. ( Э.Эшиев)

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (А.Беделов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**